КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**САЯСАТТАР**

---

## КТМУнун туруктуу климаттык иш саясаты

- Климаттын өзгөрүүсү глобалдык көйгөй жана анын таасири глобалдык жылуулук менен эле чектелбейт. Климаттын өзгөрүүсү социалдык жана экономикалык кырдаалдарда, ошондой эле табигый системаларда дагы олуттуу терс көрүнүштөрдү пайда кылат. Туруктуу коомду жана экономиканы жергиликтүү жана глобалдык деңгээлде түзүү үчүн экологиялык жактан таза, айлана-чөйрөгө аз зыян бере турган альтернативалардын үстүндө иштөө зарыл. Париж келишими, Туруктуу өнүгүү максаттарын камтуу менен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, стратегияларды иштеп чыгуу, саясаттарды иштеп чыгуу жана технологияларды ишке ашыруу маанилүү болуп саналат. Университетибиздин туруктуу климаттык иш-аракет саясаты төмөнкүдөй багыттар боюнча ишке ашырылат:

**1. Жашыл кампус:**

• Климаттын өзгөрүшүнүн таасирин эске алуу менен кампустагы табигый ресурстарды – топуракты, сууну, абаны, өсүмдүктөрдү жана биологиялык ар түрдүүлүктү коргоону камсыздаган иш-чараларды жана процесстерди долбоорлоо;
• Кампуста токой менен капталган аянттарды жана өсүмдүктөрдү көбөйтүү;
• Орто жана узак мөөнөткө сактоого ылайыкталган өсүмдүктөрдү, азык-түлүк жана айыл чарба ресурстарын өстүрүү;
• Кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөрдөн гүл бакчаларын түзүү.

**2. Энергияны колдонуу:**

• Энергияны үнөмдөөчү шаймандарды колдонууга артыкчылык берүү;
• Кампуста кайра жаңылануучу энергия булактарын түзүү.

**3. Эмиссияны азайтуу:**

• Энергетика жана транспорт тармагына байланышкан эмиссияны кыскартууга салым кошуу;
• Кампуста нөлдүк эмиссиялуу унааларды колдонууга шарт түзүү жана алардын үлүшүн көбөйтүү;
• Сатып алууларда, курулуш иштеринде жана кызмат көрсөтүүлөрдө парник газдары менен көмүр кычкыл газынын бөлүнүшүн азайтууга багытталган саясаттарды иштеп чыгуу.

**4. Таштандыларды башкаруу:**

• Таштандыларды азайтуу боюнча туруктуу механизмдерди киргизүү;
• Органикалык калдыктарды кайра иштетүү жана кайра пайдаланууну камсыз кылуу;
• Кагаз, айнек, пластмасса, металл жана батарейка сыяктуу калдыктарды бөлүп чогултуу, кайра пайдалануу жана кайра иштетүү системаларын өнүктүрүү.

**5. Коомдун маалымдуулугун жогорулатуу:**

• Климаттын өзгөрүшү тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу үчүн семинарлар, илимий жыйындар жана конференциялар сыяктуу иш-чараларды уюштуруу;
• Коомчулук үчүн ар кандай медиа программаларды иштеп чыгуу жана жүргүзүү.

**6. Илимий изилдөөлөрдү колдоо:**

• Климаттын өзгөрүшү боюнча улуттук жана эл аралык долбоорлорду иштеп чыгуу жана колдоо;
• Климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери тууралуу илимий изилдөөлөр менен колдонмолорду колдоо.

КЛИМАТТЫК ИШ САЯСАТЫ